УДК 141.201.



**Сооронбаева Чолпон Кабыловна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ага окутуучу
**Сооронбаева Чолпон Кабыловна**
Старший преподаватель Иссык-Кульского государственный университет им. К.Тыныстанова
**Sooronbaeva Cholpon Kabulovna**
Senior Lecturer Issyk Kul State University named after K. Tynystanov
cholpon_2011@mail.ru

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ААЛАМДЫК –СТИХИЯЛЫК ДҮЙНӨГӨ БОЛГОН КӨЗ КАРАШЫ

# ГЛОБАЛЬНО-СТИХИЙНОЕ МИРОВОЗЗРЕНИЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

# GLOBALLY SPONTANEOUS WORLDVIEW OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз элинин ааламдык дүйнөгө болгон көз карашы аркылуу таанымдарынын өзгөчөлүктөрү баяндалат.

**Негизги сөздөр**: тенирчилик, Дао, Дэ, асман, жер, суу, бата, алкыш, транцендентик түшүнүктөр;

**Аннотация:** В статье описаны особенности мировосприятия кыргызского народа.

**Ключевые слова:** тенгирианство, Дао,Дэ, небо, земля, вода, благословение, благодарность, трансцендентное понимание;

**Annotation:** This article describes the peculiarities of the Kyrgyz peoples persektion of the world.

**Keywords**: tengrianism, Dao, De, heaven, earth, water, blessing, gratitude, transcendental understanding;

Көчмөндүк жашоо образындагы кыргыз элинин көз карашы байыркы мезгилдерде эле жазылбаган булактарда сакталып, оозеки ирээтинде жана ар бир практикалык жашоонун кыймылында сактап келишкен. Диний жөрөлгө, ар кандай ырым-жырымдарды, каадаларды колдонууда адам сөзсүз түрдө космологиялык жана стихиялык күчтөргө таянат. Дин болсо дүйнөнү кабыл алуу менен дүйнө картинасын жекече көз караштa чагылдырып, таанытат. Аалам түшүнүктөрү – кадимки дүйнөнү жана адамды жаратуучулар. Илимий багытта бүтүндөй дүйнөнү толугу менен сырын ачууга болбойт жана ага диний көз караштар жардамга келет.
Адам идеянын астында жашайт жана тенирчилик бул диний түшүнүккө кирет.

Тенирчилик түшүнүгү айрым адабияттарда ар кандай мааниде берилет. Улуулукту пир туткан көчмөндөрдө таза, ыйыктыкка кол сунуу менен жан дүйнөсүн аруулантуу үчүн Тенир түшүнүгүндө жашашкан.

Тенирчилик космостук кудай культунан келип чыккан. Биздин эрага чейинки V-IV кылымда Улуу талаа ээлеринин негизги кудайы катары каралганын француз теологу Жан Поль Ру терминди жалпылаган. «Тенир» термини «Асман» түшүнүгүн жана «Кудай,Улук же рух ээси» деп да которулат. Айрым бир адабияттарда «Тенир» эки сөздүн түзүлүшүнөн турат: «тен же тан» түрк сөзү, жана «ра» байыркы диний түшүнүктөрдөгү «күн» сөзүнүн айкалышынан келип чыккан. [1]

Ошентсе да түрдүү этимологияга канча кайрылбайлы бул терминди дагы деле толугу менен чечмелей элекпиз. Ал эми теъирчиликке чейинки диний ишенимдери болсо табышмак бойдон калууда.

Теңирчилик - универсалдуу мүнөзгө, аппаратка ээ болгон системалуу дүйнө таанымдын формасы. Теңирчиликтин системалык-аналитикалык мүнөзү жагдай менен байланышкан. Анда аалам үч элементке ажырайт: Асман, Жер, Адам. Ал эми теңирчиликтин диалектикалык мүнөзү ушул элементтердин синтези, элементтер бири-бири менен ажырагыс байланышта жуурулушуп, бири-бирин шарттап, табигый жалпы мыйзамга байланып турат. Бул үчилтик иерархиялык мүнөзгө ээ, себеби: «Алгач үстүндө Көк Теңир, астында кара Жер жаралган». Байыркы кыргыздар Теңирге гана эмес, Жер, Суунун ээси, пири» [1]ар башка деп сыйынып, ар бири үчүн курмандык чалып келишкен. Үчилтик системада кийинки орун Адамга ыйгарылган. Адам өзүнөн мурда турган элементтерге көз каранды, анын жолу, нугу, багыты, маңызы Теңир менен да, Жер менен да аныкталат.

Теңир обьективдүү, теңир тааным – субьективдүү категория. Теңирчилик түшүнүгүнүн тарыхый аппараты тууралуу М.Абрамзон : «Эң башкы Кудай, Асман Теңир. Теңирди эң эле байыркы, изи дээрлик жок болуп кеткен түшүнүк катары эсептөөгө болот». [3]
Теңир кыргыздар үчүн мусулмандын Аллахка болгон ишеними.
Демек, Теңир исламдан мурда кудайлаштырылган асман, ал табигый кубулуштардын, нерселердин, реалдуулуктун пайда болуу себеби болот.

Теңир субстанция катары жаратуучу жана кудуретти багыттоочу күч, тартиптин башаты, жакшылык менен жамандыктын булагы. Адамдардын кайгы-муңу, азап менен бактысы, жыргалчылыгы теңирдин эркине жараша болот. Ушундан улам коогаланда – «Теңир колдо» , алкышында – «Теңир жалга», же каргыш айтканда – «Теңир урсун» деп кайрылышкан.

Теңир – болмуштун транценденттик дүйнөсү, бир эле учурда рух, дене жана алардын биримдиги. Дүйнө таанымдын мындай идеясын «көчмөндөр дүйнө таанымын» цивилизациянын магистралынан четтетсек ал кечирилгис жаңылыштык болот.

Ушуга байланыштуу «байыркы цивилизациянын очогу» болгон кытай философиясынын идеяларына кайрылып көрөлү : « Ал хаостон чачылган, жерден, Көктөн мурда ачылган, үн десе үнү жок, түр десе түрү жок. Жалгыз жана көрүнгүс. Чар тарапка багыт алган жолу ачык.Оңу ачык, солу ачык. Дүйнө өмүрдүн Эгеси да, энеси да. Айтайын дейм, атын билбейм, заттын нускасы бир гана «Дао» деп нускайм. Чегин сурасаң чексиз, чексиздиги жеткис. Түбөлүктүүнүн түбүнө арылдат, түбү жок, жан-жагына ачылып, жайылып жатып бүткөн Дао улук,теңир улук. Эл эгеси сен улук, адам жерди эмет,Жер Теңирге өнөт, Теңир Даого танат, Дао бакытка ашат» . [3]

Учурда философиялык адабияттарда «Дао» - «Жол» деп, ошону менен бирге «Дэ» түшүнүгү да берилет. « Дао биримдикти жаратат. Биримдик эки башталышты берет: инь жана

янь. Эки башталыш үчүнчүнү жаратат. Үчүнчү болсо бардык кургактыкты жаратат. Бардык жаралган нерселер өзүнө инь менен янь камтыйт, толуктайт жана шайкештикти шарттайт».[3]

Философия багытындагы дүйнө башатынын туюнтмасы болгон категорияларды «Теңир», «Дао» илимдеги «физикалык ваакум» же «физикалык боштук», грек философиясында «Архе», диний ишенимдерде «Бог», мусулман ишениминде «Аллах» түшүнүктөрүн берип, өз ара салыштырмалуу, өтө кызыктуу жыйынтыктарды берет.

Теңирчиликтин философиялык маанисин чечмелесек, болмуш теңирчилик боюнча карама-каршы күчтөрдүн биримдигинен турат: өмүр-өлүм, ак-кара, жакшылык, жамандык, күн-түн, аял-эркек, ысык-суук, катуу-жумшак ж.б. Ушул кубулуштар илимде «симметриялуу дүйнө» деп аталса, диалектиканын катимки мыйзамы катары каралат. Теьир таанымга дагы бир аспектиде кайрылабыз, ал болмуштун көрүнүштөрү – Жер, Суу, От, Аба, зат, жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү ж.б. туюнтмалардын сырдуу касиеттери ушунда. Суу адамдын жашоосунда эъ керектүү зарыл азык. Медицинадабы, табигый илимдердеби айтор кайсынысын албайлы бардыгы суу менен каралып изилденери айдан ачык. Даанышмандардын тарыхын карасак, байыркы грек философу Фалес аалам башаты суудан жаралып, бардыгы суу менен өсүп өнүгүп кайра сууга айланып агып кетет дебесе керек. Философтор бекеринен аалам башатынын стихиялары от, суу, аба, жер деп айтпаса керек.

Сууга карата кыргыз элинде болсо аны стихия катары карап, ага сыйынышкан. Мисалы, суулардын агымына жараша орун алып отурукташкан. Суусуз жашап өткөн адамзат болгон да эмес. Карасак, кыргыз философиясында бекеринен «Айыъ менен күъүъдүн бир өзүнөн бүткөндөй» - деп айтып, башында айы менен күнүн сүрөттөйт. Экинчи сфера жашоо сферасы бул от менен суудан турат. От бардыгына жылуулукту таратса, суу азык болуп берген. Бирок эки стихия карама-каршылыкты түшүндүрсө да, бири-бирин толуктап турат. Демек жашоо мыйзамы же диалектика ушундай. Кыргыздар «Сууга түкүрбө, сууну кордобо, ага акараат айтпа» - деп, кокус туура эмес иш жасаганды көрсө аны жемелеп, суудан кечирим сурашкан.

Суу чынында эле жандуу, анын курамында молекула болгондуктан ал ааламдагы бардык кыймылды туюп, угуп, сезип турат. Өзү менен кошо информациялык маалыматтарды камтыган үчүн жашоонун карама-каршылыгына да мамиле кылат. Мисалы, эгер терс энергия менен негитивдүү иштерди адам жасаса сөзсүз түрдө ага жообунда бир алаамат кырсыкты жаратат. Ошон үчүн суунун алкышын алган туура болгон. Суу сыйлаган зор болот деп өзгөчө урмат менен мамиле кылышкан. Айталы, суу дагы терс кыял мүнөздү көтөрө албай ага жараша жооп берип өчүн алат.

Теңир салтында оңдон-солго: ушундан улам Жер шарынын тегерениши, Галактикалардын спиралдарынын оңдон солго буралганы, оң кол менен саламдашуу ж.б. мындай багытталуунун универсалдуу кубулушу ушунда.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Безертинов Р.Н. Тэнгрианство – религия тюрков и монголов Казань, 2000.
2. Древнетюрксий словарь Л., 1969.
3. Древнекитайская философия. Том. 1., М., 1972.
4. Жумагулов Ч. Кыргызстандагы нестериан-түрк жазуу эстеликтери Бишкек,2014.
5. Өмүралиев Ч. Тенирчилик. Б., 1995
6. Философско –энциклопедичесий словарь. М., 1983.